2015-жылдын 12-майы –
№38 (23927)

Акча саясаты

Мээрим МЕЛИСБЕК кызы,
"Кыргыз Туусу"

# Алгачкы алтын куймалар чыгарылды

***Улуттук банк 2015-жылдын 7-майынан тартып аффинаждалган алтындан даярдалган куймаларды сата баштады. Алтын куймалар Улуттук банк тарабынан кайра сатып алуу укугунда сатылат. Алтын куймалар келечекке ишенимдүү финансылык салым катары инвестициялануучу банктык жаңы өнүм болуп эсептелет. Бул тууралуу Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов билдирди.***

Анын айтымында, алтындан даярдалган 100 грамм салмактагы куймалар тастыктамасы менен кошо, өзүнчө кутучаларга жайгаштырылат. Жогорку сапаттагы металл өтө ийкемдүү келгендиктен, ага сырттан таасир этүүгө болбойт. Сырткы таасирлерге дуушар болгон куйма баалуулугун жоготуп, металл өз наркынан төмөн баада гана сатылышы мүмкүн. Мына ошондуктан, куйманын кутучасын ачып көрүүгө жол берилбейт.

"Көпчүлүк инвесторлор валюта рыноктурунда туруксуздук абалы сакталып турган шартта өз каражаттарын алтындын курсуна таянуу менен туруктуу иш алып барган баалуу металл рыноктуруна жумшоого аракеттенишет. Валюта курсу төмөндөгөн шартта эрежедегидей эле, алтындын курсу жогорулайт. Мына ошондуктан, баалуу металлдар үчүн каражат салууда бекем ишенимдүүлүк, наркынын жогорулап туруусу сыяктуу өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Ошентип куймаларды эсте каларлык баалуу белек катары пайдаланууга да өбөлгө түзүлүүдө", – деди Т. Абдыгулов.

Ал эми Улуттук банктын нак акча менен иш алып баруу башкармалыгынын башчысы Шамил Айдаркуловдун маалыматына караганда, салмагы 1, 2, 5, 10 жана 31,1035 граммда өлчөнгөн куймалар өзгөчө коргоого алынган бекем желим менен капталып чыгарылат.

Алтын куймаларды сатып алуу-сатуу баасы күн сайын улуттук валютада аныкталып, Улуттук банктын расмий сайтынын "Банктык өлчөнгөн куймалар" бөлүгүндө жайгаштырылат", – деди Ш. Айдаркулов.

Маалымат катары айта кетсек, 1 граммдык куйманын бүгүнкү баасы 3 миң 793 сом. Ал эми100 граммдыгы 235 миң сом деп бааланууда. Улуттук банктын белгилешинче, куймалар сомду колдоо, анын учурдагы долларлашуу тенденциясына туруштук берүүсүн, инвестициялык мүмкүнчүлүктөр алдында туруктуушуусун камсыз кылуу максатында атайын финансылык аспап катары киргизилүүдө.

